**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору, доцент Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековнанын Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» деген темада 10.02.01 - кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУСУ

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши** - Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» аттуу темадагы филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган эмгеги диссертациялык кеңештин багытына туура келет. Ал эми изилдөө ишинин максаты менен мазмуну 10.02.01 – кыргыз тили адистигине шайкеш келет.

2. **Изилдөөнүн максаты –** Кыргыз тилинин тарыхында жана азыркы Кыргызстандын тилдик жана маданий жактан калыптануусунда өзгөчө маанилүү орунду ээлеген Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдик системасын ар тараптан анализдөө менен биргеликте эле анын Улуу Жибек жолу менен байланышын жана анын географиялык картасындагы тарыхый топонимдердин тарыхый лингвистикалык ордун аныктоо. Кыргыз жергесинде кыргыз тилиндеги топонимдер басымдуу экендигин жана кийинки мезгилде айтылып келген кыргыз урууларын "Сибирден оошкон келгиндер" катарында сыпаттоочу чындыкка анчалык туура келбеген пикирлердин жаралуусуна бөгөт коюу. Ошондой эле Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимиясынын тилдик табиятын лингвистикалык, тарыхый жактан изилдөө жана илимий жактан такталган геолингвистикалык фактыларды кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын окуп үйрөнүүдө кеңири пайдалануу. Чоң-Алай өрөөнүнүн чөлкөмүндөгү жер-суу аттарынын тутумун аныктоо жана топонимиянын фактыларын кыргыз тил илиминде кеңири пайдалануу. Кыргызстандын тарыхын окуп үйрөнүүдө негизги орунду ээлеген Улуу Жибек жолунун,

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 10-24-23
«12» 02 2025 ж.г.

кыргыз тилинин тарыхын жана Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдеринин тарыхый катмарларын изилдөө.

Изилдөөнүн максатын ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлган:

1) кыргыз геолингвистикасынын өнүгүүсүндөгү багыттарды так аныктоо, ошондой эле жалпы Кыргызстандын топонимиясындагы айрым тарыхый топонимдердин этимологиясын илимий деңгээлде чечмелөө;

2) Чоң-Алай өрөөнүнүн жер-суу аттарынын системасында жолугуучу топонимдердин фонетикалык жактан калыптануусунун, мыйзамдарын талдоо жана кыргыз тилиндеги байыркы топонимдерди тарыхый жактан окуп үйрөнүү, аларды жыйноо;

3) Ошондой эле Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимиясында жолугуучу топонимдердин этимологиясын лингвистикалык жактан талдап, жер-суу аттарынын маанилик байланыштарын аныктоо;

4) Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимиясындагы айрым тарыхый топонимдердин этимологиясын илимий өңүттөн чечмелөө жана өнүгүү багыттарын аныктоо.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Чоң-Алай топонимиясынын ар тараптуу изилдөөгө алуу азыркы мезгилде кыргыз элинин өткөндөгү тарыхын жана кыргыз тилинин тарыхый эволюциясын аныктоодогу негизги маселе экендиги тарыхый чындык. Кыргыз топонимдердин курамы, багыты, мезгили жөнүндө маанилүү тархый маалыматты ачып берүүсү шексиз.

Топонимдерге лингвистикалык анализ жүргүзүүдө өзгөчө семантикалык өзгчөлүктөрүн изилдөө маанилүү,анткени элдин,улуттун,этникалык,коомдук-саясий,маданий тарыхы тилдин өсүп өнүгүүсүнө алып келет. Ат коюлардын өзгөчөлүгүн анализдөө мындай маанилүү лингвистикалык тармактын илимий темасын обьектисине айланышынын өзү эле бул изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап турат.

Кыргыз тилиндеги ономастикалык материалдын азыркы когнитивдик лингвистиканын алкагында, ошол эле мезгилде географиялык лингвистиканын материалдарынын негизинде ретроспективдик багытта иликтөөгө алуу менен түшүндүрүлмөкчү. Албетте, кыргыз тилинин концептуалдык негизи катарында реалдуу мезгил мерчеминде тил бирдиктери аркылуу чагылдырылган ономастикалык географиялык объектилердин аттары кыргыз тилинин, жалпы эле түрк тилдер системасындагы негизги кор экендигин так чагылдырган номинативдик тутум болуп саналат. Ал эми географиялык объектилер материянын реалдуу көрүнүшү катарында сырткы дүйнөнүн тилдик бирдиктер аркылуу чагылуусу болуп гана чектелбестен,

этникалык топтун улут катарында калыптануусунун негизи экендигин акыркы изилдөөлөр ачыктады. Демек, кыргыз элинин этностук жактан болгон тарыхый эволюциясын тактоо маселеси, биринчи кезекте, реалдуу мейкиндиктеги индивиддердин суммасынан эмес, кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин белгилүү мейкиндиктеги түптөлүүсү менен да негизделмекчи.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп, ономастикалык материалдын материалдын когнитивдик лингвистиканын алкагында географиялык лингвистиканын материалдарынын негизинде ретроспективдик багытта иликтөө. Ал эми **изилдөөнүн предмети -** Чоң-Алай топонимиясынын ареалында кыргыз тилинин калыптануусун,кеңири тилдик мейкиндикте бүгүнкү күнгө дейре өнүгүү динамикасын илимий лингвистикалык жактан комплекстүү изилдөө.

### 3. Иштин илимий жыйынтыктары

**3.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.** Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоң-Алай топонимиясынын лексико-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыйхый мыйзам ченемдери» деген темадагы диссертациясынын натыйжалары жана андан алынган жыйынтыктары кыргыз тилиндеги ономастиканын материалдык азыркы когнитивдик лингвистиканын алкагында комплекстүү изилдөө менен байланышкан. Алынган илимий жыйынтыктар өз ара байланыштуу. Диссертация аталган проблема боюнча бир бүтүндүккө бириктирилген бир топ илимий жалпы жыйынтыктарды жана натыйжаларды камтыйт жана алар диссертанттын кыргыз тил илимине кошкон салымын көрсөтөт. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уюштуруучулук мүнөзгө,логикалык ырааттуулукка,маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

Кыргыз мамлекетинин тарыхый-географиялык жактан маанилүү аймактарынын бири болгон Чоң-Алай өрөөнүнүн жер-суу аталыштар системасын диссертациялык иштин деңгээлинде комплекстүү изилдениши жана кыргыз тилиндеги кээ бир фонетикалык мыйзамдардын жаралышын жана калыптануу этаптарын чагылдырган тилдик факты материалдар катарында каралуусу; Чоң-Алай өрөөнүнүндөгү топонимдердин изилдениш алкагында жер-суу аттарынын белгилүү бир тарыхый катмарын аныктоо өңдүү бир катар маселелердин ар кайсы өңүттөн изилдениши илимий жаңылыгы болуп эсептелет.

**3.2. Диссертацияда берилген ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана тыянак, корутундунун негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-натыйжа**: Изилдөөгө байланыштуу илимий адабияттарга сындап талдоо жүргүзүү,багыттарын белгилөө,дүйнөлүк лингвистикада,анын ичинде орус тил илиминде,түркологияда,кыргыз тил илиминде илимий адабияттарга сындап талдоо жүргүзүү, илимий жактан негизделген жана ишенимдүү (1.1.1.2.);

**2-натыйжа**: Кыргыз геолингвистикасынын багыттарын аныктоо, Кыргызстандын топонимиясындагы тарыхый топонимдердин этимологиясын илимий деңгээлде чечмелөө; фонетикалык жактан калыптануусун, этимологиясын лингвистикалык өңүттө анализдөө жана өнүгүү багыттарын аныктоо анализ жүргүзгөндүгү негиздүү жана ишенимдүү деп эсептөөгө болот (3.2.,3.3.,3,4,3,6);

**3-натыйжа**: Чоң-Алай өрөөнүн жер-суу аталыштар системасын диссертациялык иштин деңгээлинде комплектүү изилдениши жана кыргыз тилиндеги кээ бир фонетикалык мыйзамдардын жаралышын жана калыптануу этаптарын чагылдырган тилдик факты-материалдар катары каралышы (3,8,3.9,3,10);

**4-натыйжа**: Чоң-Алай топонимиясы боюнча топонимдердин геолингвистикалык системасы түзүлгөн жаңы коңушу мамлекеттер менен чек ара алакасына тиешелүү жер-суу аттарынын семантикасы тарыхый лингвистикасынын фактыларынын негизинде талдоого алынган (3.7).

**3.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

**1-натыйжа:** Илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби изденүүчү Чоң-Алай топонимиясын ар тараптуу изилдөөгө алууда жалпы жана жеке тил илиминдеги илимий-теориялык булактардан алынган материалдарга таянуу менен жана аларга өз алдынча көз караш менен кароонун негизинде жазган.

**2-натыйжа:** Илимий жактан негизделген жана ишенимдүү. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз тилинин мыйзам ченемдерине жараша тарыхый багытта өнүккөн тилдик тутум жана көөнөрбөгөн лексикалык өзгөчө катмар,чөйрө экендиги факт материалдардын негизинде ишенимдүү аныктаган.

**3-натыйжа**: Илимий жактан негизделген жана ишенимдүү себеби Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый катмарынын илимий өңүттөн илик жүргүзүү кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхый катмарларын,этаптарын ички мыйзам ченемдерин терең таанууга өбөлгө түзмөкчү.

**4-натыйжа**: Илимий жактан негизделген жана ишенимдүү. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз тилинин мыйзам ченемдерине жараша тарыхый багытта жана көөнөрбөгөн лексикалык өзгөчө катмар,чөйрө болуп саналарын факты-материалдардын негизинде мүнөздөлгөн.

**5-натыйжа:** Илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, анткени Чоң-Алай топонимиясынын өнүгүшүнүн,калыптанышынын күбөсү-кыргыз тилинин фонетика-грамматикалык өзгөчөлүгүн камтыган жер-суу аттары. Чоң-Алай топонимдеринде кыргыз тилинин тилдик байыркы элементтери сакталып калгандыгын көптөгөн факты-материалдардын негизинде аныктаганга аракеттенген. Анткени Чоң-Алай топонимиясындагы семантикалык тутумдун келгендиги борбору катарында кызмат кылган Чоң-Алай урбоними нукура кыргыз тилинин гана байлыгы экендигин аныктоого далалаттанган.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

**1.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү***

1.2.Илимдин тийиштүү тармагындагы келечектүү багыттын өнүгүшүндө жаңы ири жетишкендик катары квалификациялоого мүмкүн болгон теориялык жоболорду иштеп чыгышы.

**2.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли***

2.1.Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

**3.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу***

3.2 Жогору

**4.** ***Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы***

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

**5.** ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли***

5.2.Тармактар аралык деңгээлде.

**6.** ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар***

6.1.Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган корутунду пикирлер, тыянак-натыйжалар, теориялык материалдар жана негизги жоболорду билим берүүчүлүк максатта жана бул багыттагы кийинки изилдөөлөрдө теориялык-методологиялык жана практикалык илимде пайдалануу сунушталат. Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын жана жыйынтыктарын окуу процессинде кеңири пайдаланууга болот: орто мектептерде окутуучулардын регионалдык билимин, топонимдердин колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, тактап айтканда, тил илиминин лексикология, морфология жана синтаксис бөлүмдөрүн, жогорку окуу жайларда географиялык лингвистиканы, филологиялык дисциплиналарды окутууда

аталган предметтер боюнча окуу китептери менен окуу куралдарын даярдоодо колдонулса болот.

**5. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

1. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз этногенезинин тарыхый өнүгүүсүндөгү лингвистикалык фактор катарында [Текст] / А. А. Султанова // И.Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 79-80-бб. ISSN:1694-7851

2. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын ретроспективдик мүнөздөгү топонимдеринин тарыхый лингвистикалык планы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 160-161-бб. ISSN: 1694-7851

3. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын алтай тили менен болгон генетикалык карым-катышынын жер-суу аттарындагы манифестациясы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 243-244-бб. ISSN: 1694-7851

4. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясындагы байыркы лингвистикалык субстрат [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 133-134-бб. ISSN: 1694-7851

5. Султанова, А. А. Кыргыз тарыхый лексикологиясы жана Алай оронимдик системасы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 135-136-бб. ISSN: 1694-7851

6. Султанова, А. А. Топонимдер улуттук аң-сезимдин когнитивдик негизи катарында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 122-124-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672482

6. Султанова, А. А. Топонимдердин семантикалык диахрониясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 125-126-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672483

7. Султанова, А. А. Mistranslation of Historical Names [Текст] / А. А. Султанова, Н. Эргешбаева, Н. Р. Жапаров // Journal of Positive School Psychology. - 2023, Vol. 7, No. 2, 655-662 http://journalppw.com

8. Султанова, А. А. Чоң-Алай когнитивдик топонимиясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 349-353-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663793

9. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый эволюциясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации

Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

10. Султанова, А. А. Чоӊ-Алай топонимиясынын географиялык негиздери жалпы тил илиминин алкагында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. - № 4. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

**6. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефератта диссертациянын мазмуну кыскача чагылдырылган, негизинен автореферат диссертацияга шайкеш келет.

**7. Диссертациянын мазмунунда кездешкен айрым кемчиликтер.**

1. Иштин “Топонимия жана анын ареалдык лингвистиканын объектиси катары изилдениши” деп аталган 1-бапынын 15-16-беттеринде топонимдердин пайда болуусундагы ареldык. тарыхый-лингвистикалык абал, жана кыргыз жергесиндеги айрым топонимдердин пайда болуусуна башка тилдердин тийгизген таасир тууралуу окумуштуулардын (М.Кашгари, И.Батманов) эмгектеринен маалыматтар берилип, бирок мисалдар келтирилген эмес.

2. 1-бетте бетте белгилүү тарыхый доорлордо кыргыздардын башка тилде сүйлөгөн элдер менен социалдык-маданий алакада болгондугунун натыйжасында алардын тилине олуттуу таасир көрсөтө алган деген пикирин айткан, бирок конкреттүү бир эки мисал келтирип койсо дагы да иштин баалуулугу артмак.

2. Кээ бир жерлерде окумуштуулардин эмгектеринен шилтеме берилип, бирок беттери көрсөтүлбөй калган. М: 19-бетте Джапаров. 2012, 26-бетте Исаев, 1977, 29-бетте Джапаров, 2006 ж.б. Шилтемелерди дагы бир тартипке келтирип коюу керек.

**8. Султанова Айнуранын диссертациялык ишине сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер.**

**Жетектөөчү мекеме**: Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоӊ-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» деген темада 10.02.01 - кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катары Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Гуманитардык факультетинин филология бөлүмү сунушталат (720044, Бишкек шаары, Жал кичи району, Тыналиев көчөсү, 30-43).

**Расмий оппоненттер**:

**Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековна** – филология илимдеринин доктору, доцент

**Эмгектери:**

1. Тилдик кубулуштарды лингвопоэтикалык аспектиде изилдөө (монография). –Б., 2010. -363 б.

2. Көркөм чыгарманын тилин изилдөөнүн айрым маселелери // Социальные и гуманитарные науки. -2010. -№6. -52-55-бб.

3. Парафразалардын жаралыш себеби жана көркөмдүк касиети // Кыргыз тили жана адабияты. -2009. -37-39-бб.

**Акматов Нурбек** – филология илимдеринин кандидаты, доцент, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасынын доценти

**Эмгектери**:

1. Ысык-Көл топонимиясы: моногр. Каракол: Даркан, 2009. – 244 бет. 15,25 б.т. Ысык-Көл жер-суу аттарынын сөздүгү (илимий маалыматтар, уламыштар, аңыздар). Каракол: Даркан, 2009. – 224 бет. 14 б.т.

2. Лингвистическая рецепция топонимов центральноазиатской геолокации (тюрко-монгольский ареал). Вестник КИГИ РАН (Oriental Studies). №5. Языкознание / Литературоведение. – Элиста, 2019. С. 945 – 956. Scopus. Соавторы: Абдуллаев С.Н., Мушаев В.Н.

3. О лексическом переосмыслении названий географических обьектов (на материале киргизских и калмыцких топонимов). / Сб: Сравнительно-типологические исследования на материале монгольских и тюркских языков. №3”. Элиста: Изд. КалмГУ, 2021г. С.83-87. РИНЦ. Соавторы: Б.Э.Убушиева, В.Н.Хонинов.

4.Кыргызстандын этнотопонимдери. Жыйнакта: ULUSLARARASI ADBILIM SEMPOZYUMU BILDIRILER KITABI. IZMIR, 2021. 367-386-беттери.

5.Топонимика жана архивдер. Казакстандын Эл аралык Түрк академиясы, Назарбаев университети жана Туркиянын Эгей университети биргелешип уюштурган 2022-жылдын 20-22-майында 2-Эл аралык Атбилим (ономастика) симпозиуму. Жыйнакта: 2-Эл аралык ономастикалык симпозимдун материалдары. - Нурсултан: “Илим” басмасы, 2022. 287-308-б.б. Websciens.

6.Топонимика жана картография. // MATERIALIS III INTERNATIONAL ONOMASTICS SYMPOSIUM. – Toshkent: Bookmany print, 2024. 120-128-б.б.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу жөнүндөгү жобосуна дал келиши.**

Жыйынтыктап айтканда, Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» аттуу диссертациялык иши 10.02.01. – кыргыз тили илими адистигине туура келет. Диссертациялык иштин темасы актуалдуу, алынган жыйынтыктары далилдүү, теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон маселелерди камтыган жана кыргыз тил илими үчүн зарыл болгон илимий эмгек болуп саналат. Диссертациялык иш КРнын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет. Диссертацияны Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңешине 10.02.01. – кыргыз тили адистиги боюнча коргоого кабыл алууга сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору,**
**доцент** **А. О. Ормонбекова**
**11.02.2025-ж.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Окумуштуу катчы,**
**филология илимдеринин доктору, доцент** **С. К. Каратаева**

*Окумуштуу катчынын колун тастыктайм:*
*КБнын башчысы* *А. Жайнакова*